Жума күнү жуунуу, тишин мисвак менен тазалоо жана эгер таба алса жыттуу нерсени себинүү ар бир балакат жаш курагына жеткен мусулманга ваажыб

Амр бин Сулайм ал-Ансари (ага Аллах ыраазы болсун) айтат: Мен күбөлүк берем, Абу Саид аль-Худри (Аллах андан ыраазы болсун) айтты: «Мен күбөлүк берем, Аллахтын элчиси (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) айтты: "Жума күнү жуунуу, тишин мисвак менен тазалоо жана эгер таба алса жыттуу нерсени себинүү ар бир балакат жаш курагына жеткен мусулманга ваажыб".
[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбарыбыз (ага Аллахтын тынчтыгы жана мактоосу болсун) жума окуу ваажыб болгон бардык балакат жаш курагындагы эркек мусулмандарга жума күнү жуунуу ваажыб сыяктуу бекемделген сүннөт экенин айткан. Жана тишин мисвак же щетка менен тазалоо, жыттуу нерселерди себинүү да ваажыб.

http://sunnah.global/hadeeth/ky/show/10036